КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ №54/XIV-28

30.09.2022-ж

Кенеш айылы

**Кочкорбаев айыл аймагынын
жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу
жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы ПЖ № 284, "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" жарлыгынын негизинде, ошондой эле 2022-жылдын 9-сентябрындагы Биринчи Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө кадамдап аткарылуучу Нускамасына ылайык,
Кочкорбаев айылдык Кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кочкорбаев айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрына саат 10:00 гө чакырылсын.
2. Кочкорбаев айыл аймагынын жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 50 делегаттан тураары белгиленсин.
3. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 18-октябрдан 20-октябрга чейин графиги 1 тиркемеге ылайык өткөрүлсүн.
4. Кочкорбаев айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамы 9 адамдан туруп, 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Жогорудагы токтом «kochkorbaev-aimak.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Э. Токбергенов**